КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясынын
ТОКТОМУ

25 - февраль 2026-жыл №19 Казарман айылы

Көрүстөн кызматын уюштуруу жана брондоо боюнча эсептик көрсөткүчтү жана коэффициентти бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамына, Бюджеттик кодексине жана жергиликтүү маанидеги кызматтарды уюштуруу боюнча ченемдик укуктук актыларга ылайык, көрүстөн кызматын уюштурууну тартипке келтирүү жана жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоо максатында, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясы **токтом кылат:**

1. Каргалык айыл аймагында көрүстөн кызматын уюштуруу, тейлөө жана брондоо тартиби бекитилсин.
2. Райондук маанидеги айылдар үчүн административдик-аймактык градация боюнча эсептик көрсөткүч 500 (беш жүз) бирдик өлчөмүндө белгиленсин.
3. Бир эсептик көрсөткүчтүн базалык суммасы 50 000 (элүү миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.
4. Калктын социалдык абалын жана алыскы тоолуу аймактын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөндөтүүчү коэффициент 0,5 өлчөмүндө бекитилсин.
5. Натыйжада көрүстөн кызматын көрсөтүү жана жер тилкесин брондоо үчүн төлөмдүн өлчөмү 50 000 сом × 0,5 = 25 000 (жыйырма беш миң) сом деп белгиленсин.
6. Көрүстөн аймагында көрсөтүлүүчү бардык стандарттык кызматтар (күтүү, тосуу, уюштуруу иштеринин алкагындагы кызматтар) көрсөтүлгөн суммага киргизилсин. Кошумча негизсиз төлөмдөрдү алууга тыюу салынсын.
7. Төлөмдөр расмий квитанция аркылуу кабыл алынып, жергиликтүү бюджетке түшүрүлсүн.
8. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн жооптуу адисине жүктөлсүн.
9. Түшкөн каражаттардын туура эсепке алынышын жана отчеттуулугун камсыз кылуу финансы-экономика бөлүмүнө милдеттендирилсин.

10. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл аймагынын өкмөт башчысы М.Ж.Олжотоевге тапшырылсын.
11. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
12. Бул токтомду көзөмөлдөө “Өнөр жай, курулуш, транспорт, жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш, экология, архитектура боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына милдеттендирилсин.

Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы **Т.И.Токтоболотов**